Карасартова Ж.Б.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ӨСПҮРҮМДӨРДҮ ГУМАНДУУЛУККА ТАРБИЯЛООДО «МАНАС» ЭПОСУНУН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

*Бул макалада өспүрүмдөрдү гумандуу-лукка тарбиялоодо «Манас» эпосунун максаттары жана милдеттери чечмеленип берилген.*

Азыркы коомдо эң негизги милдет-тердин бири ар бир адамды, өзгөчө өспүрүмдөрдү гумандуулукка тарбиялоо болуп саналат.

Демек, «тарбиялоо» инсандын көп кырдуу сапаттарын калыптандыруу өстүрүү процесстери, мыйзам ченемдүү-лүктөрүн мүнөздөөчү түшүнүк.

Жалпылап айтканда, кыргыз элиндеги «тарбиялоо» түшүнүгү балдарды, б.а., өспүрүмдөрдү багуу, кароо, анын акылын өстүрүү, ден-соолугун чыңдоо, алардын жүрүш- туруш адаттарына калыптандыруу болуп саналат.

А.В.Петровскийдин аныктамасы боюнча, гумандуулук сапаты адам-керчилик, мээримдүүлүк, келечекке ишеним менен умтулуу, өзүнө жана башкаларга ишеним менен кароо [4, 22-б] дегенди билдирет.

Демек, бардык улуттар сыяктуу эле кыргыз элинде да үй-бүлөнүн башкы милдети өспүрүмдөрдү тарбиялап келечекте ордун аныктоого багыттоо саналат.

Бала үй-бүлөнүн тиреги, ата-энелердин гана эмес, коомдун кайра жаралуусунда, жашоо-турмуштагы, өсүп өнүгүүнүн негизги шарты экендиги бизге маалым.

Ошондуктан, элдик макалда «Бала-луу үй-базар, баласыз үй- мазар»- деп айтылат.

Демек, кыргыз элинде тукумсуздук, баласыз өтүү орду толгус оор трагедия болуп саналат.

Мына ушул өзгөчөлүктөр эпосто кеңири чагылдырылып берилген, б.а., «Манас» эпосунда Жакыптын арманы аркылуу терең ачылып көрсөтүлгөн. Жакыпта мал, алтын б.а., байлык, бийлик бар болгон, бирок ал баласы жоктугунан, өзүн башка адамдардан кем сезип, тагдырга наалат айтып зар какшайт. Ошол себептүү тукум улоо парзын аткара албаган Жакыптын байбичеси Чыйырдынын тагдыры эки азаптуу болгон, ал:

Арт жагында балам жок,`

Мен жалпы журттун корумун,

Ак жоолуктун торумун - деп мукактанат.

Демек, байыркы мезгилдерде эле кыргыз элинде өзгөчө балдарды тарбиялоого көңүл бурулган. Айрыкча уул баланы баалап баркташкан. Ошондуктан, «Манас» эпосунда өмүр бою бала деп зарланып жүргөн Жакып сүйүнчү жеткирүүчүлөргө төмөнкүдөй кайрылган:

Эркек болсо эр болсун,

Кыз болсо не болсун.

Эркек болсо чабыңар,

Талаадан мени табыңар.

Кыз болсо үйдө калыңар,

Кыймылдаба барыңар» - деп эскертет.

Демек, байыркы убактарда эле эркек уулу болбогон адам туяксыз, тукумсуз деп эсептелгенине күбө болдук.

Ошондуктан, бардык калктар сыяктуу эле, кыргыз эли да өспүрүмдөрдүн келечекте кандай адам болору  тынчсыздандырган, б.а., анын алган таалим-тарбиясына байланыштуу деп эсептешкен.

Андыктан балдарды аң-сезимдүү тарбиялоо ишинин зарылдыгы «Манас» эпосунда да олуттуу проблема катары каралган. Эпосто «Манастын» каарман-дыгы, б.а., образын Атажуртту коргоосу, баатырдык касиеттерин, ошондой эле эл тагдырын чечкен жетекчи көсөмдүгүн түздөн-түз тарбиялык иштердин аракет-теринин мааниси менен түшүндүрүлөт.

Демек, чыгармада белгилүү болгондой Манас атайын уюштурулган «Элдик мектептен» таалим-тарбия алгандыгы бизге маалым. Ошол кезде Манастын атасы Жакып аны туура тарбиялоо максатында мал чарба ишине, турмушка дасыккан даанышман таалимчи Ошпурга тапшырган.

Акылман баланын ошондо эле дээрин, келечегин айныбай тааныган, ошондой эле акылман карыялар аны туура өстүрүп келечекке багыттап жетилтүү үчүн өзгөчө камкордуктарды көрүшкөн. Демек, Манас бала кезинен элдик оюндарды эреже-тартиптердин негизин-де эр жүрөктүүлүк, калыстык, адилеттик, боорукерлик сыяктуу сапаттарга бала кезинен эле калыптанган.

Ошондуктан, Атамекен, эл журттун келечеги, тагдыры, бири-бирине болгон камкордугу, сыйлоо алардын таалим тарбиясына байланыштуу болгон.

Мисал келтирсек, арам ойлуу душмандын кастыгынан улам жарык дүйнө менен коштошуп жатып, Манас элдин тагдырын бешиктен бели чыга элек Семетейдин амандыгы, анын алган тарбиясы менен байланыштырып карайт. Ошондуктан өмүрлүк жары Каныкейден «Семетейди бир тууганың Ысмайылга бактыр, он экиге чыккыча ата-эне жайын билгизбе, уулум он экиге чыкканда элине жибер, арбагым бар болсо тозуп алам» - анын алты санын аман сактап, Атажуртту коргоого даярдоосун өтүнөт.

Демек, Манас өз урпактарын жетим аталбай, Ысмайылдай барктуу баатыр-дын тарбиясын, өнөрлөрүн үйрөнүп эр жетишин тилейт.

Эпосто Каныкей кийинки өмүрү Манастын үмүт-тилегин орундатууга, Семетейди бала кезинен бабаларынын баатырдык салтында тарбиялап өстүрүү-гө багытталат.

Ошентип, эпостон өспүрүмдөргө берилген тарбия улуттун улут катары уучун узартып, башкалар менен тең ар намыс күтүп, бири-бирин сыйлап, жашоосун камсыз кылган улуу күч катары көрсөтүшкөн.

Кыргыз элинин түшүнүгүндө тарбия көп жактуу, татаал кубулуш «Тарбия» - бул ар тараптан өнүккөн, интеллек-туалдык деңгээли жогору болгон өспүрүмдөрдү калыптандыруу.

Элибизде тарбиялоонун максаты жана мазмуну кылымдардан бери түзүлгөн көз караштардын «адам кылуу» деген жөнөкөй жана улуу түшүнүктөр менен чагылдырылат.

Демек,`өспүрүмдөрдү бала кезинен эле «Адам бол» деген бийик талаптарды коюп, ата-эне балдар ушул сөздүн мааниси түшүнө баштаган күндөн баштап ар тараптуу калыптандырып дүйнөсүнө сиңире баштоо керек.

Эпосто «чыныгы адам», «адам маңызы» жөнүндөгү ой-толгоолору, акыл тыянактары өзгөчөлүктөрү ар тараптуу чагылдырылган. Эпостордон башка уламыш, аңгеме, жомоктордо Акыл карачач, Жээренче чечен, Карач баатыр ал эми эпостордогу Манас, Бакай, Алмамбет, Семетей, Сейтек, Кошой, Ак балта, Эр Табылды сыяктуу элдин идеал туткан каармандардын образдарына этнопедагогикалык талдоо жүргүзүү менен, кыргыз элинин «чыныгы адам» жөнүндөгү маанисин ар тараптуу түшүнүүгө жардам берет.

«Манас» эпосундагы каармандардын элдик педагогикалык түшүнүгүндө инсандын идеалдардын образдарынын өзгөчөлөнгөн орду бар. Ошондуктан кыргыз элинде санат сөз калган башкасын коюп «Манасты айт» - деп бекер айтылбаса керек. Чынында эле, Манас эзелтен элдин аң-сезиминде чыныгы адамдын башкы идеалы катары бекем орун алган. Эпосто каармандардын образдары б.а., Манастын көп кырдуу адамдык сапаттарынын мазмунун «жеткилең», «сырттан», «айкөл», «өткүр» деген түшүнүктөр менен чагылдырылган.

Өспүрүмдөр Манасты адамзат жашоосун камсыз кылган, коомдогу бардык инсандык сапаттардан турган асыл зат адам катары кабыл алышат. Манастын айкөлдүгү, мээрим-дүүлүгү, ай менен күнгө, сүйкүмдүүлүгү, асылдык сапаттары алтын менен күмүшкө, алп баатырлыгы жерге салыштырылат.Ошондой эле Манастын улуулугу:

Кейишке салса кечирилип,

Кеткени болсо келтирилип, башка калктардан ак ниет инсандарын бир туугандай ардактап, өз элин сыйлай билген, б.а., Манас менен Алмамбеттин достук мамилеси өспүрүмдөр үчүн тарбиялык мааниси чоң, ошондой эле эпосто аш тойлордо көптөгөн элдердин өкүлдөрү катышкандыгы, алар дайыма достук мамиледе болгону айтылат. Мындай өзгөчөлүк улуттардын бир максатта болуусу, бир идеяны ишке ашырууга аракеттениши бир туугандык кызматташтык жана өз ара бири-бирине жардамдашуулары аркылуу берилет.

Демек, республикабыздагы улуттар менен элдин достугу, коңшулаш жана алыскы өлкөлөр менен байланышы, кызматташтыгы өспүрүмдөрдүн эл достугунун духунда тарбиялоого мүмкүнчүлүк түзмөкчү. Ошондуктан, «Эл достугу - эгиз, эл достугу деңиз» деп айтылат.

«Манас» эпосунда атуулдук чыныгы ар намыс өзгөчө жогору бааланат жана ардакталат, башкача айтканда, улуттук ар намыс жана атуулдук ариет же болбосо азыркы термин менен айтканда атуулдук тарбиянын бир нече өзгөчөлүктөрүн белгилесек болот. Мисалы:

Манасты жана анын чоролорун эл журт үчүн ажалдан кайра тарттырбай алга сүрөгөн улуу күч болгон.

Калкым кыргыз сен үчүн,

Курман болуп кетейин - деп алар Атажурттун ар намыс үчүн кара башын баталгага коюшкан.

Демек, атуулдук намыс кандайдыр бир инсандын, топтун куру намысы эмес, ал максаттуу келечектүү түпкү максаты менен чыныгы элге кызмат кылган терең намыс болуп саналат.

Манас жаралган инсан. Ал мекенин жоодон бошотуп, жерине көчүп келип, элинин башын кошуп бириктирип, Атажуртка, б.а., мекенине үзүрлүү эмгек кылат. «Манас» эпосунда жеке намыс менен атуулдук намыс айкалышат, эл үчүн пайдалуу кызмат кылууну Манас, Кошой, Алманбет, Семетей өз өмүрүн-дөгү негизги максат кылып коет. Ар- намыс - адамдын Атажурт, коом алдындагы моралдык жоопкерчилиги, адептик касиети болуп саналат. Ошондуктан, «Эр

намысы - эл намысы» деп айтылат, мунун тарбиялык мааниси чоң.

Адамдын абийирдүүлүгү нарк намысы ар намыстан көрүнөт. Ал эми атуулдук ариет ар намыстан жаралат. Бизге белгилүү болгондой ар-намыс, атуулдук ариет идеялар демократиялык курулуштун жүрүшүндөгү жалпы элдин активдүүлүгүн жогорулатуунун фактор-лору болуп саналат. Демек, арыбас мээнет менен алдыңкы өнөр билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу эпостун эң негизги маңызынын бири. Ушундан улам адал эмгек кылууну даңазалоо жана жалкоолукту, жатып ичерликти мителик менен турмуш өткөрүүнүн образын айыптоо болуп саналган. Эпосто эмгексиз жашоо жок деп айтылат. Адал эмгек адамды тарбиялайт, анын адеп-ахлагын, дегеле жан дүйнөсүн оңдойт, жакшыртат, калыптандырат. Демек, эмгек өспүрүмдөрдү ар тараптан ошондой эле адептик аң-сезимин дагы калып-тандырат. Эпосто баланы тапкан, бапестеп баккан эненин тарбиялаган асыл аракеттерин эмгегин даңктоо адамга бийик урмат менен кең пейил мамиле жасоо жагынан бүгүнкү күндө тарбиялык мааниси чоң. Ошондуктан, 20 - жылдардын башында залкар манасчы С.Орозбаков мындай деген: «Азыркыбызга кейибейли, кийинки ушул турмушубуз үчүн кейийли. Азыркылар билбесе, кийнки өспүрүмдөр билер. Бизге рахмат айтышар». Демек, акылман кеменгер манасчы С.Оразбаков кыргыз турмушун кылым аркалаган асыл нарктарын мактап, «Манас» дастанын болочок ээлери - өспүрүмдөрдүн рухий тарбиясы үчүн, ат көтөргүс зор мааниси бар экендигин ошол кезде эле көрөгөчтүк менен баамдаган.

«Манас» эпосу кыргыз элинде азыркы мезгилде да өспүрүмдөрдү тарбиялоодо абдан белгилүү десек болот. Ал бардык аң-сезими өнүккөн өспүрүмдөрдүн сыймыгы анын тарбиялык мааниси убакыттын өтүшү менен күчүн жоготпостон, тескерисинче биздин күндөрдө да өзгөчө касиетке ээ болууда.

Башкача айтканда, азыркы коомдо социалдык-саясий, экономикалык кыр-даалдарда илимий деңгээлде үйрөнүп, ага ылайык билим берүүнүн струк-тураларын, ошондой эле мазмунун реформалоо учурунда «Манас» эпосундагы гумандуулук тарбиянын максаттары жана милдеттери чоң.

Бүгүнкү күндө билим берүүнүн гуманисттик мүнөзүнө басым коюп, анда демократиянын принциптерин тааны-тууга, ал өзгөчөлүктөр аркылуу өспүрүмдөрдү адамзаттык баалуулук-тарга, гуманизмдик идеялардын таркатылышы жана өспүрүмдөрдүн жүрүш-туруш эрежелеринде таарбиялоо-го көңүл бурулууда. Мисалы, өспүрүм-дөрдүн ден-соолугун, саламаттыгын коргоо, бекемдөө, чыңдоо, эмгектин элементтерин, этикалык нормаларга, маданиятка үйрөтүү, Атамекенди сүйүү сезимин калыптандыруу,окуу ишине болгон кызыгуусун, арттырууда тарбиялоонун максаттарын жана милдеттерин аныктоодо негизги роль ойнойт. «Манас» эпосунун күчтүү жагы- пайдалуу жакшы мисалдарга тез-тез жана максаттуу кайрылып турушу. Ошондой эле калыптанган өспүрүм-дөрдүн белгилеринин жыйындысы «жигит өнөрүнүн» түрлөрү, «баатырдык изгилик» ж.б. баа берүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Эпосто калыптанган инсандардын айрым кемчиликтери дагы чагыл-дырылат, мындай өзгөчөлүктөр өспүрүмдөрдү өзүн-өзү тарбиялоого таасирин тийгизет. Эгер ушул негизде алсак өспүрүмдөрдү гумандуулукка тарбиялоодо «Манас» эпосунун максат-тары терең, ал эми милдеттеринин мааниси чоң экендигин көрүүгө болот.

**Адабияттар**

1. «Манас» - океан эпос. – Б., 1995.

2. Садыков Ж.Б. Айкөл Манас. /Ала-Тоо – Б., 1995.

3. Байгазиев С. Манас таануу. -Б., 2000.

4. Рахимова М.Р., Абдыкеримова М.А. Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы. –Б., 2007.

5. Сластенин В.А. Педагогика. –М., 1998.